**2016-2017-окуу жылына карата мугалимдердин август методикалык кеңешмесине Технология предмети боюнча сунуштар**

Учурда эмгекке үйрөтүү предмети черчение предмети менен интеграцияланып ***Технология*** деген аталышта окутулат. Мектептерде Технология предметин окутуудагы негизги маселе, жаш муундарды турмуш жолуна даярдоо. Окуучулардын күндөлүк турмушунда эмгектин түрдүү тармактарында билгичтик менен туура аракеттенип, компетенттүү мамиленин негизинде ийгиликтерге жетүү мүмкүнчүлүктөрүн калыптандыруу. Аларга мектепте алган билим, түшүнүк, шык, аракет, тажрыйба, мотивация ж.б. бардыгы түрдүү кырдаалдагы проблемаларды чечүүдө керек болот.

Жалпы билим берүүчү мектептердин Базалык окуу планында предметке 5-9-класстарда жумасына 1 сааттык жүктөм каралган. Аталган предмет 2014-жылы чыккан программанын негизинде окутулат. Предметти окутууда төмөндөгү окуу тармактар окутулуш керек. Алар:

1. Мектеп бакчасы
2. Үй чарбасын жүргүзүү
3. Өндүрүш технологиясы
4. Курулуш техникасы
5. Көркөм кол өнөрчүлүгү
6. Энергетика
7. Маалыматтык технология
8. Автоматташтырылган техника
9. Проектилөө жана комплекстүү өндүрүлгөн техникалык продукциялар (Проекттик иш)

Коомдун азыркы талаптарын эске алып, Технология предметин окутууда илимий-техникалык компьютерлештирүүнүн элементтерин пайдалануу менен предметтер аралык байланыштарын бекемдеп, жергиликтүү жаратылыш шарттарын эске алып, колдо бар каражаттарды колдонуу менен программалык материалдарды ишке ашыруу учурдун талабы.

Азыркы шартта мектептерде эмгектин түрдүү тармактарын ичине камтыган “Технология” предметтерине ар бир класста жыл ичинде бөлүнгөн 34 сааттын ичинде өздөштүрүү өтө татаал. Ошондон улам окуу программасындагы материалдарды оптималдуу ишке ашырууда предметтик мугалимдер тарабынан өспүрүмдөрдүн жаш өзгөчөлүктөрүн, колдо бар каражаттарды, ар бир региондун жаратылыш шарттарын, жыл мезгилдериндеги аткарылуучу жумуштар эске алынышы керек. Шаар же айыл жергесинде күндөлүк турмуш-тиричилигине тийешеси бар, аткарууга мүмкүн болгон эмгектин түрлөрүн өздөштүрүү боюнча мектептен алган теориялык билимдерди окуучулар күндөлүк жашоо турмушунда колдонгондой ылайыкташтырып берүү зарыл.

Жалпы билим берүүчү мектептерде мугалимдер окуучулардын табияттан болгон жөндөмүн иликтеп, ага ылайык жергебизде экономикалык

өндүрүштүн бардык тармактарында чечкиндүү, демилгелүү, чыгармачыл, эс тутумуна зарыл болгон түрдүү маалыматтарды өз алдынча таап, пайдалана билген келечек ээлерин турмуш жолуна даярдоо негизги маселелерден болууда.

Өткөн окуу жылында жер-жерлерде болуп, мугалимдер менен жолукканда, ошондой эле жалпы билим берүүчү мектептердин Технология предметтеринин мугалимдеринин квалификациясын жогорулатуу курстарына келген мугалимдер календардык-тематикалык план түзүүдө кыйынчылыктарга дуушар болушаарын айтып, көмөк берүүнү өтүнүшкөн. Ошондон улам биз календардык-тематикалык пландын болжолдуу үлгүсүн иштеп чыгып сунуштоону туура көрдүк.

Мугалимдер окуу программада берилген темаларга негизденип, календардык-тематикалык планды түзүүдө өздөрүнүн шарттарын эске алуу менен (айылдык мектепби же шаардыкбы, жер участоктору барбы же жокбу ж.б.) аткарууга мүмкүн болгон гана эмгектин тармактары боюнча темаларды иргеп киргизип түзүү зарыл. Технология предмети боюнча болжолдуу календардык-тематикалык пландын үлгүсүн окуучулардын окуудагы жетишкендиктерин баалоо боюнча сунуштарды КББАнын Kao.kg сайтынан алсаңыздар болот.

Технология предметинин боюнча 5-7-класстардын окуу топтомдорун жазып, басып чыгаруу иштери пландаштырылууда. Азырынча Технология предмети боюнча окуучулар мурдагыдай улан-кыз болуп группаларга бөлүнбөйт. Эгер класстагы окуучулардын саны отуздан ашса, анда, өздөрү тандаган эмгектин тармактары боюнча эки топко бөлүп окутулат.

Технология предметин окутууда окуучулар төмөндөгү предметтик **компетенттүүлүктөргө** ээ болуулары керек. Алар:

- өз алдынча техникалык чиймелерди окуп жана колдоно билүүсү;
- технологиянын маанилүү тармактарынын өнүгүү тарыхын, ошондой эле алардын өнүгүүсү боюнча маалыматтарды билүүсү;
- мектептен ээ болгон техникалик эрежелерди жана коопсуздук ыкмалары боюнча билим, ык, көндүмдөрүн күндөлүк жашоо турмушунда колдонуусу;
- техникалык көз караштa жумушчу орунду шартка ылайык уюштуруп спецификациясы боюнча иш куралдарын, жабдыктарды туура колдоно билүүсү;
- эмгек куралдарынын аталышын, колдонулуучу каражаттардын касиеттерин айырмалап билип, аларды практикада максаттуу колдонуудагы жөндөмү;
- техникалык системаларды, алардын функциясына ылайык түзүлүшүнө жана моделдерине анализ жүргүзүү менен баамдап, колдонуусу;
- чыгармачылык ой-туюмдары жана талапка ылайык ыкмаларды колдонуусу;
- техникалык чийменин негизинде технологиянын түрдүү тармактарында ар кандай буюмдарды даярдоонун жолдорун өздөштүрүүсү;
- чыгармачылык ой-туюмдарын жана талапка ылайык ыкмаларды колдонушу;

- техникалык кесиптер тууралуу негиздүү түшүнүктөргө ээ болуусу.

Предмет аралык байланыштар окуучулардын таанып-билүү ишмердүүлүгүн жалпы илимий методдордун жана идеялардын негизинде уюштурууга мүмкүндүк берет. Алар окуучунун жалпы жөндөмдүүлүктөрүн калыптандырып, предметтин түзүлүшүнүн жалпы принциптерин ачып берет.

Ар бир класста жыл ичинде бөлүнгөн 34 сааттын ичинде окуу программада берилген эмгектин тармактарынын бардыгына кеңири токтолуп, тереңдетилген билим берүү мүмкүн эмес. Ошондон улам, окуу программанын негизинде мугалимдер календарлык тематикалык пландарды түзүүдө учурдагы коомдун талабы болгон компетентүүлүктүн элементтерин эске алышы керек. Анда ар бир региондун жыл мезгилдерине жараша жаратылыш шарттары жана колдо бар каражаттарды колдоно билүүнүн жолдорун өздөштүрүү зарыл. Шаар же айыл жергесинде азыркы күндөлүк турмуш-тиричилигине керектелүүчү, аткарууга мүмкүн болгон эмгектин түрлөрүнүн тандалып киргизилиши сунушталат. Мектептерде окуу программасында киргизилген эмгектин тармактары боюнча материалдар, өсүмдүктөрдү өстүрүү боюнча жер участкалары, ошондой эле керектелүүчү каражаттар жок болуп калышы ыктымал. Андай учурда, интеграцияланган курстар боюнча эмгектин техникалык багыттарына жараша буга чейин окутулуп келген черчение предмети боюнча авторлор (А.Д. Ботвинников, В.Н. Виноградов, И.С. Вышнепольский, С.И. Дембинскийлердин) жалпы билим берүүчү орто мектептердин 8–9-класстарынын окуучулары үчүн Черчение окуу китебин колдонуп, теориялык билимдерин күндөлүк жашоо турмушубузда керектелүүчү иштерди аткаруу менен айкалыштыруу керек.

**Технология предмети боюнча сунуш кылынган адабияттар:**


1. Д. Ботвинников, В.Н. Виноградов, И.С Вышнепольский, Черчение Жалпы билим берүүчү орто мектептердин 8-9-класстары үчүн окуу китеби- Бишкек «Мектеп» 2002.

1. Үй тиричилигинин кыскача энциклопедиясы Издательство «Советская Энциклопедия» 1984. Кыргызча котормо. Кыргыз Совет Энциклопедиясынын Башкы редакциясы, - Фрунзе 1989.
2. Акматалиев Амантур Сейтаалы уулу Кыргыздардын көөнөрбөс дөөлөттөрү.-Б.: Шам, 2000.
3. Ральф ванн Гелдер, Адриен ванн Гелдер. «Менин кирешелүү чарбам» *9-10-11-класстар үчүн кошумча окуу китеби.* «M-Maxima» басмаканасында даярдалган. –Б.: 2010.
4. Кыргызстандын көркөм сүрөт өнөрү Альбом живопись •скульптура •графика •сценография •көркөм колдонмо өнөрү Москва «ГАЛАРТ» 2013.
5. Абдыбаев К.Ы. Сүрөт өнөрү жана жанрлары. Графикалык дизайн, костюмду көркөм долбоорлоо бөлүмүнүн студенттерине, мугалимдерге, аспиранттарга, жана сүрөт өнөрүнүн күйөрмандарына арналган окуу куралы (китеби). КУУнин «Университет» басмаканасы. Бишкек-2014.


***Август кеңешмелеринде технология предметин окутуучу мугалимдердин секциясында талкуулоо үчүн маселелер:***

- Кыргыз Республикасынын президентинин жарлыгына ылайык 2016-жыл “Тарых жана маданият жылы” деп жарыялангандыгына байланыштуу окуучулар арасында кароо сынактарды өткөрүү.

- Элибиздин, ошондой эле, дүйнө элдеринин маданий мурастарын кеңири пайдалануу багытындагы иш-тажрыйбалар.

- Программалык материалдары аткарууда, ошондой эле кароо сынактарына даяр чыгармаларды көчүрүп алып катышуу өнөкөтүн жоюу маселелери.

- Жергиликтүү, колдо бар табигый каражаттарды колдонуу жолдору.

- Аталган предметти окутуу процессинде жаңы маалыматтык технологияларды, окутуунун интерактивдүү методдорун колдонуу тажрыйбалары, алардын окуучулардын билимдеринин сапатына тийгизген таасири.

- Аталган предметтер боюнча окутуу каражаттарын түзүү, кабинеттерди жабдуу боюнча тажрыйбалар.

- Техникалык билим берүүдө инсанга багыттап, интерактивдүү окутуунун технологияларын, ыкмаларын жана формаларын колдонуу.

*Август методикалык кеңешмесинде технология предметтерин окутуу маселелери боюнча сунуштарыңыздар, пикирлериңиздер болсо, биз менен кабарлашыңыздар. Биздин адрес: 720040, Бишкек шаары, Эркиндик гүлбагы 25, Кыргыз билим берүү академиясы. Тел.:* 66-52-25.

*Даярдаган: КББАнын Технология жана*
*искусство лабораториясынын*
*ага илимий кызматкери Д.А. Акматов*
*КУУнун ага окутуучсу - Оторбекова Айнагуль Махмутовна*

**Рекомендации по проведению августовского методичекого совещания учителей по предмету “Технология” (трудовое обучение и черчение) на 2016-2017 учебный год**

В настоящее время предметы трудовое обучение и черчение были интегрированы на предмет «Технология». Основная задача предмета Технологии, подготовка подрастающего поколения к жизни. Знание учащихся трудовых навыков в повседневной жизни, и правильные действия, для возможности формирования компетентностного отношения при достижении основной цели. Понимание, способности, действия, опыт, мотивация и другие, полученные знания в школе помогут для решения возникших проблем.

В соответствии с Базисным учебным планом в этом учебном году предмет «Технология» изучается с 5 по 9 классах 1 час в неделю. Обучение предмета будет по разработанной программе выпущенной 2014 году.

Общеобразовательный предмет «Технология» состоит из восьми предметных областей и одного проекта. К ним относятся следующие:

1. «Пришкольный участок»;
2. «Технология производства»;
3. «Ведение домашнего хозяйства»;
4. «Строительная техника»;
5. «Декоративно-прикладное искусство»
6. «Энергетика»;
7. «Информационная техника»;
8. «Техника автоматизации»;
9. «Проектирование и производство комплексных технических продуктов (проектная работа)».

Во время теоретического и практического учебного процесса по предмету «Технология» учащиеся приобретают следующие компетентности:

- способны читать и самостоятельно создавать технические чертежи;
- владеют терминологией, умеют измерять величины, вычислять и определять их единицы измерения;
- разбираются в инструментах, материалах и умеют целесообразно их применять;
- способны анализировать и оценивать технические системы согласно их функции, структуре и модели применения;
- знают историческое развитие важных технологических областей и имеют представление об их дальнейшей эволюции.
- способны технически правильно и безопасно применить приобретенные ими в школе знания, способности и навыки в быту и повседневной жизни;
- умеют организовать их рабочее место и правильно использовать рабочие инструменты, оборудование, станки с точки зрения техники безопасности и специфики;
- способны изготовлять продукты на основе технических чертежей из различных материалов и из разных областей технологии;
- реализуют их творческие идеи и применяют соответствующие методы;
- имеют обоснованное представление о технических специальностях и поэтому могут сделать осознанный выбор профессии.
- способны анализировать и оценивать технические системы согласно их функции, структуре и модели применения,
- знают историческое развитие важных технологических областей и имеют представление об их дальнейшей эволюции,

В результате научно-технического прогресса и глобализации происходят изменения в образовательных системах по всему миру.

Преподавание предмета «Технология» обеспечивает формирование у учащихся навыков сравнения и классификации, первичной обработки, самообслуживания и совместной деятельности, элементарного проектирования, оформления, моделирования, дизайна, ухода за элементами живой природы, а также понятий меры, пропорции, симметрии и других геометрических понятий, и элементарных умений простого конструирования и выполнения творческих работ.

Учителя проходившие повышение квалификации и при встрече в общеобразовательных школах на местах, говорили о трудностях при составлении календарно-тематических планов, и просили помочь методически. В связи с этим мы предлагаем на обсуждение примерный календарно-тематический план. Предложения по результатам оценивания ожидаемых результатов учащихся вы можете найти на сайте Кыргызской академии образования Kao.kg

При составлении календарно-тематического плана учителя должны руководствоваться программой и выполнять ее, так, как программа составлена с учетом (школы сельской местности или города, не завасимо от, того есть участок или нет).

Планируется выпустить учебный материал для 5-7 классов по предмету "Технология". В настоящее время по преподаванию и направлению в специальность «Технологии» разрабатываются учебные материалы. Для реализации учебной программы по разным направлениям труда, собранные и подготовленные материалы распространяются по районам республики.

В настоящее время как раньше учащиеся не делятся на мальчиков и девочек. Если в классе число учащихся превышает тридцати, в этом случае дети по выбору делятся на две группы. В школе по производственному трудовому обучению существуют разные направления, программа составлена с учётом возрастных особенностей детей, знакомит с основными отраслями трудового производства, которые необходимы нашему обществу.

Новая программа по «Технологии» составлена на основе Государственного стандарта и учебной программы, при составлении учитывались последние требования общества, научно-технические, компьютерные знания и умения.

Межпредметные связи позволяют строить познавательную деятельность на основе общенаучных идей и методов. Они формируют общие способности учиться и раскрывают общие принципы построение предмета. Предмет «Технология» в особенности носит прикладной характер и выполняет функцию интеграции. Обучение и понимание технологии невозможно без целенаправленного применения знаний и компетентностей приобретённых на уроках математики, естественных наук, экономики, языков, «изобразительно-художественного творчества».

В каждом классе по 34 часа в году разделено, по данным в программе предметным областям останавливаться очень сложно. Поэтому на основе программы при составлении календарно-тематического плана надо учитывать элементы предметных компетенций. В каждом регионе, учитывая

природные условия, надо уметь правильно использовать тот материал, который есть. Полученные теоретические знания должны соответствовать для того, чтобы учащиеся использовали в повседневной жизни в городе или на селе. Если в школе по составленной программе по предметным областям нет участков для работы на них, можно использовать учебник «Черчение», который представляет собой интегрированный предмет авторы А.Д. Ботвинников, В.Н. Виноградов, И. С. Вышнепольский, С.И. Дембинский разработанный для общеобразовательных средних школ 8-9 классов.

**Предлагаемая литература по предмету "Технология":**


1. Д. Ботвинников, В.Н. Виноградов, И.С Вышнепольский. Учебник Черчение. Для 8-9 классов общеобразовательных средних школ - Бишкек «Мектеп» 2002.
2. Домоводство краткая энциклопедия. Издательство «Советская Энциклопедия» 1984. Кыргызча котормо. Кыргызская Советская энциклопедия. Башкы редакциясы, - Фрунзе 1989.
3. Акматалиев Амантур Сейтаалы уулу Кыргыздардын көөнөрбөс дөөлөттөрү.-Б.: Шам, 2000.
4. Ральф ванн Гелдер, Адриен ванн Гелдер. «Введение в мое хозяйство» Дополнительная учебная литература для 9-11 классов. –Б.: 2010.
5. Кыргызстандын көркөм сүрөт өнөрү Альбом живопись •скульптура •графика •сценография •көркөм колдонмо өнөрү Москва «ГАЛАРТ» 2013.
6. Абдыбаев К.Ы. Сүрөт өнөрү жана жанрлары. Графикалык дизайн, костюмду көркөм долбоорлоо бөлүмүнүн студенттерине, мугалимдерге, аспиранттарга, жана сүрөт өнөрүнүн күйөрмандарына арналган окуу куралы (китеби). КУУнин «Университет» басмаканасы. Бишкек-2014.


***Вопросы для обсуждения на августовском совещании на секции для учителей по предмету технология***

- Проведение конкурсов среди учеников по объявленному президентом Кыргызской Республики 2016 году "Года истории и культуры".
- Использование основных опытов работы на основе народных, а также мировых культурных традиций.
- Выполнение материалов программы, а также недопущение использования копий творческих работ для выставок.
- Пути использования того местного природного материала, который есть.
- Использвание техники, интерактивных обучающих и формы технологий их методы.
- Обмен опытом работы по составлению учебных материалов по предмету, оформление кабинетов.

Ваши мнения и предложения по августовскому программе просим отправлять по следующему адресу: *720000, город Бишкек, проспект*

*Эркиндик – 25. Кыргызская академия образования. Лаборатория технологии и искусства тел. 66-52-25*

*Подготовили: Акматов Дамирбек Абдыласанович – Кыргызская академия образования старший научный сотрудник лаборатории технологии и искусства.*

*Оторбекова Айнагуль Махмутовна – старший преподаватель КНУ.*